**СИЯЕВ Т.М., СУЛТАНАЛИЕВА Ш. К.**,
*С.Нааматов ат. НМУ*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП МУГАЛИМИНИН ПЕДАГОГИКАЛЫК РЕФЛЕКСИЯСЫ: ПРАКТИКАЛЫК АСПЕКТ

Азыркы мектептеги профессионалдык-педагогикалык ишмердик жаңы белгилер менен – педагогдордун эксперименталдык-тажрыйбалык иштерди уюштурууга жана өткөрүүгө катышуусу менен, инновациялык тажрыйбаны диссеминациялоосу менен, долбоорлоочу ишмердиги менен мүнөздөлөт.

Жаңылануунун системалуулугун камсыз кылуу үчүн ар бир педагог кесиптик ишмердигиндеги өзгөрүүлөргө адаптациялануугa, өзүн өзү жана курчап турган дүйнөнү түшүнүүнүн калыптанган жөндөмүнө ээ болууга, өз билимин тынымсыз тереңдетүүгө жана практикалык ишмердикке даяр болууга тийиш экенин белгилөө зарыл. Ушуга байланыштуу рефлексия – педагогдун өзаң-сезиминдеги жана ишмердигиндеги кубулуштарды таанып билүүсү жана анализдөөсү, башкача айтканда, өз ойлоруна жана аракеттерине сырттан көз караш педагогикалык ишмердиктин эң маанилүү жана зарыл компоненти болуп эсептелет.

Рефлексия – латын тилинен которгондо reflexio – артка кайрылууну, эмоционалдык деңгээлде өзүн өзү таанууну түшүндүрөт. Рефлексия бул – субьектинин өздүк психологиялык деңгээлин, абалын, мүнөзүн өзү таануу аракети болуп саналат. Ал бир жагынан өзү жөнүндө маалыматка ээ болуу, экинчи жагынан өзүнүн инсандык касиеттерин, эмоционалдык абалдарын, когнитивдик деңгээлдерин башка адамдар тарабынан анализдөө процессин билдирет.

Р.Декарт рефлексияны адамдын өзүн тышкы чөйрөдөн абстракциялап, ички оюунун айланасында көңүл топтоо жөндөмүүлүгү деп түшүнгөн. Ал эми Д.Ж.Локк сезүү менен рефлексияны өз ара ажыратып кароо менен бирге, рефлексияны маалыматтын өзгөчө булагы катары санаган.

Р.М.Грановской, Ю.С. Крижанской, И.Н Семенованын изилдөөлөрүндө педагогдун рефлексиясы – өздүк педагогикалык тажрыйбасында өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча ой жүгүртүүсү катары каралат. Ал эми чет өлкөлүк изилдөөчү Ф.Картхаген педагогикалык рефлексияны акыл эстүүлүктүн өнүгүү процесси катары карайт. Педагогдун рефлексиялык ишмердүүлүгүнүн Голландиялык изилдөөчүлөр «AIACT» model деген сөздүн биринчи тамгаларынан педагогикалык рефлексиянын этаптарын белгилешет.

***Action*** – аракет;
***Looking back on the action*** – жасалган аракетке артка карай көз караш;
***Awareness of essential actions*** – маанилүү аспектилерди аңдоо;
***Creating of alternative methods of action*** – аракеттин альтернативдик методдорун түзүү;
***Trial*** – жаңы аракеттин апробациясы.

Педагогикалык рефлексиянын ар бир этабынын мазмунун карап чыгабыз:

1. Аракет. Рефлексиянын цикли конкреттүү аракеттен башталат. Бул аракет өтө жөнөкөй (элементардык) болушу мүмкүн. Мисалы: мугалимдин сабактын башталышындагы учурашуусу, окуучуга суроо берүү; үй тапшырмасын берүү ж.б. Аракет комплекстүү болушу дагы мүмкүн. Мисалы: конкреттүү предмет же окуу дисциплинасы боюнча сабак же сабактардын сериясын өтүү (бул учурда ал – аракет эмес, ишмердиктин тажрыйбасы болуп калат).

2. Жасалган аракетке карата кайтарым көз караш. Рефлексиянын аракет жасалгандан кийинки бул этабында, кээде аракеттин жасалыш процессинде аракеттин анализи башталат. Көбүнчө бул аракеттин өзүндө адаттан тышкаркы бир нерсе болсо же коюлган

максат аткарылбай калса, же тескерисинче, максат күтүлгөндөн жеңил аткарылса орун алат.

3. Маанилүү аспектилерди аңдоо. Бул этапта аракеттин ар кыл аспектилери, алардын ортосундагы өз ара байланыштарды аныктоо, аракеттин ичиндеги себеп-натыйжалык байланыштар аныкталат.

4. Кадимки аракетке карата башка аракеттердин (альтернативдүү) моделдерин түзүү. Альтернативаларды түзүү этабында коюлган максаттарга жетүүнүн башкача, кадимки кабыл алынган ыкмалардан башкачасын издөө жана тандоо жүргүзүлөт. Мында альтернативдик методдорду, ыкмаларды жана формаларды тандоо гана эмес, алардын конкреттүү кырдаалга ылайыктыгы өтө маанилүү. Бул этапта, белгилүү болгон методдордун, формалардын, окутуу каражаттарынын негизинде максаттарга жетүүгө мүмкүндүк түзүлбөй калса, жаңы маалыматтарды издөө жүргүзүлөт.

5. Жаңы аракеттин апробациясы. Бул этапта жаңы каражаттар, методдор, формалар менен жаңы кырдаалда коюлган максатка жетүүгө дагы бир аракет жасалат. Ошентип, жаңы аракеттин апробациясы кесиптик рефлексиянын жаңы циклинин башталышын билдирет.

Натыйжада, «ALACT» моделин көп учурда рефлексивдүү алкак деп аташат.

Демек, педагог педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуу өткөрүү үчүн тынымсыз, үзгүлтүксүз өзүнүн ишмердүүлүгүнө рефлексия жүргүзүүсү зарыл. Рефлексия бул – адамдын акыл-эсинин өзүнүн аракетине өзүнүн боёосу, анализи, баасы катары аныкталат.

Илимий изилдөөдө рефлексияны эки багытта аныкташат: а) адамдын ички психологиялык ишмердүүлүгүн, психологиялык сапатын жана абалын өзү-өзүнө чагылдырышы; б) адамдын башка адамдар тарабынан кабыл алынышынын белгилениши.

Рефлексия процесси адамдын «Мен» концепциясын таанууга шарт түзөт. Педагог педагогикалык ишмердүүлүгүн рефлексиялоо менен гана өзүнүн жетишкендиктерин жана жетишпегендиктерин аныктай алат. Рефлексияны убакытка салыштырмалуу үч бөлүккө ажыратышат: а) болочоктогу аракеттердин рефлексиясы, тактап айтканда боло турган ишмердүүлүктөгү өзүнүн аракетине ой түрүндө «көз чаптыруу»; б) «абалдын» рефлексиясы, башкача айтканда «ушул жерде», «азыркы мезгилде» болуп жаткан ишмердүүлүктүн анализи, баоёсу, баалоосу; г) ретроспектик рефлексия – болуп өткөн процесстеги, окуядагы өздүк аракеттин анализи.

Рефлексияны багыты боюнча үч топко бөлүшөт: а) когнитивдик мүнөздөгү рефлексия, башкача айтканда өзү жөнүндөгү маалыматтарга ээ болуу; б) эмоционалдык, баалуулук багытындагы рефлексия. Адам өзүнүн кулк-мүнөзүн, баалуулугун рефлексиялоо менен аныктайт; в) ишмердүүлүк багытындагы рефлексия. Эгерде педагог өзү жөнүндө когнитивдик түшүнүктөргө ээ болсо, өзүнүн эмоциясын жана баалуулуктарын билсе, анда ал өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен аныктай алат, ошентип рефлексиялоо компетенттүүлүгүнө ээ болот.

Педагогикалык рефлексиянын практикалык аспектиси 2010-2011 - жылдары С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы “Педагогикалык креативдүү борбордо» Нарын регионундагы мектептердин мугалимдеринин арасында рефлексия боюнча тренинг жүргүзүү менен изилденди. “Педагогикалык креативдүү борбор» Нарын регионундагы мектептердин мугалимдеринин компетенттүүлүгүн жогорулатуу курсунун алкагында “Педагогикалык рефлексия” аттуу тема төрт сааттык тренинг жүргүзүлгөн. Тренингде жалпы элүү үч мугалим катышты. Педагогикалык рефлексиянын практикалык аспектисинин аныктоо үчүн ар бир педагогго атайын иштелип чыккан анкета сунушталган.

***<u>Кымбаттуу коллегам!</u>***

*Сизди чын ыкластан катышууга жана «таза» (фалшь эмес), чыныгы жоопторду берүүгө чакырам. Сизге алдын-ала ыраазычылык!!!*

Мага абдан жаккан ысым (кайнама ысым) ________________________________

1. Туулган күнүм, убактысы (эртен менен, күндүз, кечинде, түн ичинде)___________________________________________________________________
2. Боюм______,акыркы жолу ченөө _____________________________________
3. Салмагым ___________,акыркы жолу ченөө ___________________________
4. Кан басымым _______________, Акыркы жолу ченөө__________________
5. Көзүмдүн абалы _____, көз айнегим _____акыркы жолу ченөө____________________________________________________________________
6. Мен абдан кубангандагы эмоциямдын «жарылышы»: ____________________________________________________________________
7. Мен жакшы эмоцияны көпкө чейин сактай алам, анткени: ____________________________________________________________________
8. Мен абдан чоң кайгыга учураганда, Менин абалым: ____________________________________________________________________
9. Мен ал кайгыдан кантип жана канча мезгилде чыга алам: ____________________________________________________________________
10. Мени адатта ……….. Адам дешет, ал эми чындыгында Мен …. ________________________________________________________________
11. Мен чыгармычылык ийгиликтерге, эми даяр болдум, анткени …. ________________________________________________________________
12. Менин чыгармачылык изденүүмө «түрткү» факторлор: ____________________________________________________________________
13. Менин «гүлдөп өсүшүмө» тоскоол болгон шарттар, факторлор: ____________________________________________________________________
14. Мен дайыма «күрөшүп» жүрөм, ал күрөшүү негизинен «кимге» же «эмнеге» багытталган:__________________________________________________________
15. Мен эгерде ыр, сүрөт жана башка эмгек жазсам, аны «кимге» же «эмнеге» арнайм______________________________________________________________

Анкетанын биринчи беш суроосу когнитивдик багыты -инсандын өзүнүн өзү боюнча билимдери, түшүнүктөрү камтыйт. Ар бир педагог өзүнүн потенциалын, мүмкүнчүлүктөрүн анык билиши зарыл. Анкетанын биринчи суроосу боюнча 82% туура жоопту беришти, бирок ошол эле учурда мугалимдердин 20% кайсы убакта төрөлгөндөрү боюнча анык билишпейт. Экинчи жана үчүнчү суроодо бою жана салмагы боюнча 65% чейин маалыматты беришти, ал эми 35 % үлүшү так маалыматты көрсөтө алышкан жок. Төртүнчү жана бешинчи суроо боюнча 60 % үлүшү толук маалыматты беришти, бирок 40 % бөлүгү жооп берүүдө кыйынчылыктарга ээ болушту.

Анкетадагы 6-9 суроолору баалуулук жана эмоционалдык багыты- инсандын өздүк эмоционалдык туруктуулугун . Педагог окуу процессин эмоционалдык эргүү менен жүргүзүүсү зарыл. Анкетанын жыйынтыгында эмоционалдык толгонуу боюнча ар түрдүү абалдарды көрсөтүштү. Жалпысынан алганда дээрлик көпчүлүгү жакшы эмоционалдык абалды көпкө чейин сактоого аракет көрүшөрүн, ал эми жагымсыз абалдан тезирээк чыгууну каалашарын билдиришти. Бирок ошол эле учурда, жагымсыз абалдан тез аранын ичинде чыгып кетүүнүн жолдорун көрсөтө алышкан жок.

Анкетанын 10 суроосу “Мен” концепсиясындагы ар бир педагогдун өзүнүн оюу менен ал жөнүндөгү башка адамдардын оюн салыштыруу каралган. Анкетанын анализи өздүк баа менен башка адамдардын баасы дайыма эле дал келбестигин көрсөттү. Баса көрсөтүү факт, мугалимдердин 27% үлүшү таптакыр бири-бирине карама каршы абалды көрсөтүштү. Мисалы: “мени адатта жумшак адам дешет, ал эми чындыгында мен абдан катуу адам” деген сыяктуу.

Анкетанын 11-14 суроолору ишмердүүлүк багытын – педагогдун чыгармачыл ишмердүүлүк жүргүзүүгө өбөлгө түзгөн жана ошондой тескерисинче тоскоол болгон

факторлорду камтыды. Жыйынтыгында мугалимдердин 60 % үлүшү ачык анык жоопторду көрсөтө алышкан жок.

Анкетанын акыркы 15 суроосу мугалимдердин баалуулук системасын аныктого багытталган. Ар бир педагог өзүнө гана баалуулуктар ээ болуу менен бирге педагогикалык процессти жүргүзөт. Анкетанын жыйынтыгында мугалимдердин 45% үлүшү жалпы баалуулуктарды көрсөтүштү. Ал эми 13% үлүшү үчүн үй-бүлө багытагы баалуулуктарды белгилесе, алардын 42% бөлүгү ата-мекенди сүйүү баалуулугун көрсөтүшкөн.

Ошентип изилдөөнүн негизинде мектеп мугалимдеринин педагогикалык рефлексияны системалык түрдө жүргүзбөгөндүгү аныкталды.

**Адабияттар**

1. Korthagen Fred A.J., KesselsJos P.A. M. Linking the oryand practice: changing the pedagogy of tea chereducation // Educ.Res. 1999. Vol.28.
2. Лукьянова Н.И. Психолого-педагогическая компетентность учителя. – М., 2004.
3. Маркова А.К. Психология труда учителя. – М., 1993.
4. Рогов Е.И. Личность учителя: теория и практика. Ростов н/Д., 1996.